**25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Уманова Нургиз Давлетбековнанын “Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарындагы “Алтыгана” бадалдарын геоэкологиялык баалоо жана алар менен күрөшүү технологиялары” темасы боюнча диссертациялык илимий ишине расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

**1. Тандалган теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар менен байланыштуулугу (илим менен техниканын практикасынын жана өнүгүүсүнүн өтүнүчү).**

Республиканын эң негизги табигый тоют ресурстары болуп жайыт жерлери болгондуктан, Республикада табигый жайытка бай болгон Суусамыр өрөөнү мал-чарбачылыкты өнүктүрүү борборлорунун бири болуп келет. Жай мезгилинде Суусамыр өрөөнүндөгү жайыттар малдар үчүн негизги тоют катары колдонулат. Бирок, көп убакыт жана туура эмес баш аламан малды кармоодо жана жайыттарды туура эмес колдонуунун себебинен, бул өрөөндүн жайыт жерлеринде жылдан жылга тоют чөптөр жоголуп, алардын ордуна желбей, зыян келтире турган отоо чөптөр жана уулу өсүмдүктөр каптап, бадалдануусу күчөөдө. Пайдасыз, тоют катары колдонулбаган алтыгана бадалдарынын өсүшү, көбөйүүсү табигый жайыттын өндүрүмдүүлүгүн төмөндөтүп, мал чарбачылыка зыян алып келүүдө, тоют чөптөрүнүн запастарын азайтууда. терс көрүнүштөрдү жаратууда. Диссертациялык иш алтыгана бадалдары менен күрөшү ыкмаларын сунуштоо, жайыт аянттарынын абалын жакшыртуу, тоют өсүмдүктөрүнүн өндүрүмдүлүгүн жогорулатуу максатында изилденген.

**2. Көйгөйдү изилдөө даражасы.** Суусамыр өрөөнүндөгү жайыт жерлериндеги зыяндуу, пайдасыз бадалдарды жоготуу менен тоют чөптөрдүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана жайыт жерлерин туура пайдалануу каралган.

**3. Илимий иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистигинин паспортуна дал келүүсү.**

“Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарындагы “Алтыгана” бадалдарын геоэкологиялык баалоо жана алар менен күрөшүү технологиялары” темасы боюнча Уманова Нургиз Давлетбековнанын география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинин профилине дал келет жана 25.00.36.-геоэкология паспортуна жооп берет. Диссертациянын жыйынтыктары боюнча эң оболу өсүмдүктүрдүн жана жер катмарларынын деградациялануу даражасын аныктоо менен ар түрлүү жайыттардын абалына баа берүү, ошону менен бирге ар түрлүү чарбачылык иштердин натыйжасында аларды калыбына келтирүү иш чараларын жүргүзүү, алтыгана бадалын жок кылуу иш-чараларды негиздөө үчүн жайыт жерлерин калыбына келтирүүгө иштелип чыккан методиканы колдонууга мүмкүндүк берет жана Кыргыз Республикасынын жайыт жерлеринин туруктуу өнүгүүсүнө жер ресурстарын эффективдүү колдонуусун жогорулатуу болуп эсептелет. Жайытка кам көрүүдө жана колдонууда бардык ушул иш чаралар системалык түрдө колдонулса, жайыттарды сарамжалдуу колдонууда негизги шартардын бири болуп, жайыт жерлери жөнгө салууну талапка жараша жайыт тилкелерин мезгилдик мөөнөтүнө ылайык колдонуу болуп эсептелет.

**4. Диссертациядагы илимий жоболордун, жыйынтыктарынын жана практикалык сунуштарынын жаңылык даражасы.** Илимий иштин жыйынтыктарын жана практикалык сунуштарын негиздөө максаты үчүн жеткиликтүү болгон илимий ыкмалар техникалык каражаттарды колдонууу менен ишке ашырылган. Диссертацияда башка авторлор тарабынан алынган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кылдат талдоо менен, негизги маселени чечүү үчүн ишке ашырылып, колдонууга мүмкүндүк берди. Изилдөө иштин

маңызы жана изилдөө милдеттери туура түзүлгөн, аларды чечүү үчүн эң ылайыктуу илимий ыкмалар жана аларды колдонуу методдору аныкталган. Маалыматтарды алуу үчүн колдонулган ыкмаларга байкоолор, статистикалык талдоолор жүргүзүлүп, алынган чечимдерди илимий негизде чагылдырган.

**5. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңылыгы жана практикалык мааниси, аларды колдонуунун мүмкүн болгон конкреттүү жолдору:** Суумамыр өрөөнүнүндөгү жайыттарды каптап бара жаткан алтыгана жапайы бадалдарына байкоо жүргүзүлүп, ар тараптуу жайыт жерлерине болгон терс таасирлери аныкталган, жана ошондой эле, алтыгана бадалы канча аянтты ээлеп бара жаткан масштабына ArcGIS 10.3., ArcGIS pro 3.3. программалары менен эсептөөлөр жүргүзүлгөн. MATLAB программасын колдонуу менен алтыгана бадалынын жайылуу жана өсүү процессинин математикалык модели иштелип чыккан. Алтыгана бадалдарын жок кылуу үчүн илимий ыкмаларды терең анализдөөнүн натыйжасында алынган ыкмаларды колдонуу менен талаа иштери аткарылып, байкоолор жүргүзүлгөн. Жайыт жерлерин сарамжалдуу колдонуп, малдарды туура жаюу үчүн иш-чаралар келтирилген.

**6. Диссертациянын мазмунун баалоо.** Диссертациялык иш киришүүдөн, негизги 3 баптан, корутундудан, колдонгон адабияттардын 147 аталыштагы тизмесинен турат. Диссертациянын толук көлөмү – 165 барак, анын ичинде 7 карта, 42 иллюстрация, 24 таблица камтылган.

I бапта автор тарабынан изилденүүчү көйгөй боюнча адабияттык талдоолор жүргүзүлүп, тоют чөптөрүнүн деградация процессине таасир эткен жаратылыштык, антропогендик, мал чарбачылыктын көбөйүүсү менен көп жүктөмү, жайыттарды туура эмес колдонууда, регламентке туура келбеген жаюу жер катмарынын начарлашына, табигый тоют жерлерин системасыз, көп убакыт колдонууда жайыттардын дигрессиясына жана табигый тоютардын өндүрүмдүлүгүнүн азайышына жана зыян алып келүүчү бадалдардын көбөйүшүнө алып келүүсү аныкталган.

II бапта Суусамыр өрөөнүнүн рельефтик, климаттык шарттары, жайыттарынын абалы, алтыгана бадалы боюнча теоретикалык терен изилдөөлөр жүргүзүлүп, Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарына мүнөздүү алтыгана бадалынын түрү аныкталган.

III бапта автор ArcGIS 10.3., ArcGIS pro 3.3. программалары менен алтыгана бадалдарынын көбөйүү процессин аныктап, таралуу жана өсүү процесстерине математикалык модель түзүлүп, бадалдар менен күрөшүү ыкмалары колдонулуп, эксперименттин жыйынтыктарына байкоо жүргүзүлүп, эксперименттин иштелип чыккан методикалары такталып, жайыттарды туура, сарамжалдуу колдонуу иш-чаралары негизделген.

Автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча диссертациялык иш жалпы тыянактарды жана сунуштарды камтыйт.

**7. Диссертациянын негизги жоболорун, жыйынтыктарын жана корутундуларын жетиштүү толуктугун басылмаларда ырасталышы.**

Тема боюнча 11 макала басылып чыгып, алардын ичинен 1 макала Scopus базасына, 9 макала РИНЦ системасына, 1 макала эл аралык илимий конференциянын материалдарына кирет.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын негизги мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат эки тилде окшош түзүлгөн. Кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**9. Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча мүчүлүштүктөр:** илимий иш боюнча оппоненттин илимий жана кесиптик деңгээлин төмөндөтпөгөн төмөнкүдөй сын-пикири бар.

Жаратылыш ресурстарынын бири болгон жайыт экосистемалары азыркы учурда Борбор Азия боюнча көйгөйлүү маселе болуп келе жатат. Ошондуктан, жайыттарды сактоо жана сармжалдуу пайдалануу көйгөйлөрүн илимий ыкмалар жана тажрыйбанын негизинде тереӊ изилдөөлөрдү кошуна

өлкөлөрдүн адистери менен чогу изилденсе жакшы болмок. Анткени, мындай көрсөкүчтөр иштин актуалдуулугун жана маанисин арттырмак.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө" талаптарына дал келиши.**

Диссертациялык иш боюнча пикир берүүдө, Уманова Нургиз Давлетбековнанын "Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарындагы "Алтыгана" бадалдарын геоэкологиялык баалоо жана алар менен күрөшүү технологиялары" атту темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуштайм. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө" талаптарына жооп берет.

Расмий оппонент,
география илимдеринин доктору,
Ош мамлекеттик университетинин
физикалык география, Кыргызстандын
географиясы жана табият таануу
концепциясы кафедрасынын профессору К. Матикеев

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2025 ж. «30» 05
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

Д.25.24.698
Диссертациялык кеңешке келип түштү

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
31.05.2025 ж.
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ